Бекитемин:

“Ак-Булак” орто мектебинин

Директору _____ Напиева М.

28.05.2019

“Ак-Булак” орто мектебинде 2019-2020- окуу жылында окуучулар арасында укук бузуулардын, кылмыштуулуктун банги заттарга каршы күрөшүүнү алдын алуу боюнча түзүлгөн

## И Ш Ч А Р А

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектепте кылмыштуулукту алдын алуу кеңешин түзүү | сентябрь | Соц.педагог ТББ.Мектеп парламенти |
| 2 | КР “Балдар жөнүндөгү” кодексин, “Кылмыш жана Административдик Кодексинин жоболорун ” түшүндүрүү | Жыл ичинде | Соц.педагог ТББ: |
| 3 | Турмуш шарты оор окуучуларды тактоо жана алар менен иш алып баруу | Жыл ичинде | Соц.педагог |
| 4 | Ички жана тышкы мигранттардын балдарын аныктоо,турмуш шарты менен таанышуу | Чейрек сайын | Соц.педагог |
| 5 | Балдардын бирдиктүү “Ишеним телефону” 111 кызматы боюнча маалымат таратуу | Ар дайым | Соц.педагог |
| 6 | Окуучуларды диний багытта туура тарбиялоо боюнча ата-энелер чогулушун өткөрүү | учурунда | Мектеп администрациясы |
| 7 | “Зордук-зомбулук”боюнча иш | Январь | ДТИБОБ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | чара өткөрүү | | Жабарова С. |
| 8 | СПИДке каршы “Өзүңдү-өзүң коргоо” мед.кызматкерлер менен жолугушуу | Ай ичи | ТББ Жабарова С. |
| 9 | Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш чара | Ай сайын | Мектеп администрациясы |
| 10 | Банги заттарына каршы тегерек стол өткөрүү | Жыл ичинде | ТББ Жабарова С. |
| 11 | Терроризмге жол жок | Ай ичинде | Соц.педагог |
| 12 | Коррупция деген эмне? Тегерек стол өткөрүү | Жыл ичинде | ТББ Жабарова С. |
| 13 | Окуучулар арасында зордук зомбулукка каршы иш чара өткөрүү | Ар дайым | Класс жетекчилер |
| 14 | Окуучулар диний багытта туура тарбиялоо боюнча ата-энелер чогулушунда маселелер кароо | учурунда | Мектеп администрациясы |

Тарбиялык иштер боюнча

Директордун орун басары: Жабарова С.

*Чогулуштун темасы:* **Зордук –зомбулуксуз тарбиялоо**

*Чогулуштун максаты:*

Зордук-зомбулук көйгөйүнүн болуп жаткандыгын ата-энелерге түшүндүрүү.

Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун түрлөрү менен ата-энелерди тааныштыруу.

Ата-энелердин чыныгы ата-энелик аброй жана аны балдар менен болгон мамиледе көрсөтүү зарылдыгы жөнүндө түшүнүктөрүн калыптоого көмөктөшүү.

*Киришүү: Мугалим*:-Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер! Биздин бүгүнкүсабагыбыз зордук зомбулук.Официалдуу булактардын маалыматы боюнча ар бир төртүнчү үйдө балага карата зордук-зомбулуктун катышы бар.Биз бүгүн төгүндөй же далилдей албайбыз.

*Биздин максат- бул көйгөйдү түшүнүү жана балдарыбыздын турмушуна анын залакасы тийип калышын болтурбоо.*

“Балалыкка чөмүлүү”медитация (5 мүнөт)

*Талкуулоо*: Ойлонунуздар биз сиздер менен өзүбүз балдарыбызга тез-тез жароокер жана назик болобузбу?

Балдарыбызга жетишээрлик түрдө камкордук жана жылуулук тартуулайбызбы?

Биздин жаныбызда алар өздөрүн коргоочусу бардай сезишеби?

*Жыйынтык*: Биз, ата-энелер балдарга ушулардын баарын берүүгө милдеттүүбүз...

*Лекция*: Азыркы убакта балага болгон зордук-зомбулукту көп эле угуп жатабыз.Балдарга карата мамиле,эмгегинен пайдалануу байыркы мезгилде эле болуп келгени белгилүү. Бир нече коомдук жана укуктук

өзгөрүүгө карабастан балдарга карата зордук-зомбулук,балдардын жаракат алуусу,өлүмү көбөйүп жатат.

Зордук зомбулук-бул аргасыз кылуу,кулдук,таарынтуу,өзүмбилемдик. Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук –үй-бүлө мүчөсүнүн башка мүчөлөрүнө карата бийлик сактап калуу максатындагы мамилесин түшүнөбүз.Бирин-бири кысымчылыкка алуу, Жараат алуу же зыянкелтирүү өлүмгө алып келиши мүмкүн.

Зордук- зомбулук түрдүү максатта болушу мүмкүн:

Күйөөсү тарабынан аялына карата.

Аялы тарабынан күйөөсүнө карата

Ата-эненин бирөөсү тарабынан балдарга

Улуу балдардын кичүү балдарга карата

Үй-бүлө мүчөсүнүн экинчи мүчөсүнө карата.

Балдарга карата зордук зомбулук ата-эне тарабынан тоотпогондук,өз убагында камкордукка алынбагандык.Ден соолугуна жана өнүгүүсүнө коркунуч туулат. Ж.б.

Зордук-зомбулук кантип билинет: кыйкыруу, мимикалар,кол шилтөө менен коркунуч жасоо, милиция тарабынан опузалоо,жаш баланы таштап кетүүдө,тартып алууда...Жакын адамынан же оюн-тамашаларга барууга тыюу салуу.уруп-согуу,бетке чабуу,катуу кыйноо.чачынан тартуу ж.б. Ар намысына тийүү.кадыр-баркына шек келтирүү, сөз менен кемсинтүү жаш баланын же аялдын дарегине сын айтуу.

Зордук-зомбулуктун себептери:Топто талкуулоо-жумушсуздук, материалдык кыйынчылыктар,аракечтик,банги зат колдонгондугу,өгөй ата,өгөй эне...

ушунун кесепетинен балага кандай таасир калтырат жана эмнеге алып барат.Балалыгында таяк жеген бала башкаларды да урат. Сүймөнчүлүк болуу ишенимин бузат.

*Бала:* кадыр –баркка тең эместигин,азап чегүүнү жүрөккө жакын кабыл албоо керектигин ж.б.

Коллективдүү талкуулоо:Балага ыраазы болуп "Менин таттуу балдарым "-деп кучактап өөп туруу.жылуу мамиле жасоо...

*Жыйынтыктоо*: Балдар турмуштан төмөнкүдөй жашоого үйрөнүшөт.

1.Эгерде баланы дайым сындасак жек көргөнгө.

2.Эгерде баланы кемсинтип жашаса түнттүккө;

3.Жемелөөдө жашаса күнөөлүү болуп жашаганга;

4.Сабырдуулукта чоңойсо башкаларды түшүнүүгө үйрөнөт.

5.Балага дем берип турса,ал өзүнө ишенүүгө үйрөнөт.

6.Баланы мактасак,ыраазы болууга үйрөнөт.

7.Адилеттүүлүктө өссө,коопсуздукта жашаса,ал адамдарага ишенүүгө үйрөнөт.

8.Баланы колдошсо өзүнө ишенүүгө үйрөнөт.

9.Эгерде достукта жана түшүнүүчүлүктө жашаса,анда ал өзүн баалоого үйрөнөт.Дүйнөдөгү сүйүүнү табууга үйрөнөт.

Бала кул эмес.Ата-эне мырза эмес. Өз баласына ырайымсыз мамиле кылган ата-энени эч нерсе актай албайт.

"Бекитемин"

"30" ________ 2019-жыл

Мектеп директор: ________ Напиева М.

"Ак-Булак" орто мектебинин

**"Келечекке карай зордук-зомбулуксуз жашоо"**

боюнча жүргүзүлгөн иш чара

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | "Келечекке карай зордук-зомбулуксуз жашоо". (Тарбиялык сааттар 1-9-класстар). | 25-ноябрь | Кл.жетекчилер |
| 2 | Зомбулуксуз үй-бүлө бактылуу. (Дил баян 7-8-9-класстар). | 27-ноябрь | Кыргыз тили мугалими. |
| 3 | "Жаркын келечекке карай зордук-зомбулуксуз кадам". (плакат 7-8-9-класстар). | 29- ноябрь | Кл.жетекчилер |
| 4 | Жакшы болуу аста-аста, Жаман болуу бир паста. (сүрөт тартуу 1-6-класстар). | 29-ноябрь | Кл.жетекчилер |
| 5 | Ата-энелер чогулушун өткөрүү. | 10-декабрь | Соц.педагог Кл.жетекчилер |

**Соц.педагог:** ________ **Джуманова С.**

«Бекитемин»

Мектеп директору _________ М.Напиева

22.11.2019-жыл

# «Ак-Булак» орто мектебинин
# «Эл аралык зордук зомбулукка каршы күнүнө”
# карата түзүлгөн иш планы

| № | Аткарылуучу иш-чаранын мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жоопттуулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 25-ноябрь- Аялдарга карата зордук-зомбулукту токтотууга багытталган Эл аралык күнү- акциянын максатын таанытуу жана жайылтуу үчүн мектепте,китепканада маалыматтык бурчтарды уюштуруу жана окуучулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүп “Тегерек стол” өткөрүү | 25-ноябрь | Джуманова С<br>Жабарова С | |
| 2 | “Кыз ала качуу салт эмес- кылмыш!” деген темада сүрөт сынактарын өткөрүү. | 25-29-ноябрь | Джуманова С<br>Жабарова С | Сүрөт көргөзмөсү |
| 3 | Гендердик зордук- зомбулук деген эмне?Бул коомдун аң сезимдин кризисин айгинелеп, тең укуктуулукка, өнүгүүгө жан тынчтыкка жетүүгө тоскоолдук болгон бир белги” ушул теманын тегерегинде “Тегерек стол” | 27-ноябрь | Джуманова С<br>Жабарова С | |
| 4 | 29-ноябрь-Укук коргоочу аялдардын активдүүлүгүн, пропагандалоо жана тайманбай каршылык көрсөтүү иштерин таанып билүү | 29-ноябрь | Джуманова С<br>Жабарова С | |
| 5 | 1-декабрь –СПИДке каршы күрөшүү күнү! СПИД-ал коркунучтуу дарт!<br>-Дубал газета чыгаруу<br>-Буклеттерди чыгаруу<br>-Брошюраларды чыгаруу жана таратуу<br>- Видео роликтерди көрсөтүү | 2- декабрь | Джуманова С<br>Жабарова С | Кл.жетекчилер |
| 6 | 3-декабрь-Бүткүл дүйнөлүк мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын күнүнө карата концерттикк программа, видео роликтерди көргөзүү | 3- декабрь | Джуманова С<br>Жабарова С | |
| | 10-декабрь –Адам укугун коргоо күнү! | 10-декабрь | Джуманова С<br>Жабарова С | |
| | Өтүлгөн иш- чаралар боюнча билдирүү берүү. | 10-декабрь | Джуманова С<br>Жабарова С | |

Соц. педагог: _________ Джуманова С

## Урматтуу мугалимдер

2019-жылдын 10-декабрь күнү саат 10.00до

## “Келечекке карай зордук-зомбулуксуз жашоо”

– деген темада ата-энелер чогулушун өтүү

**Чогулуштун максаты:**

1.Коомдогу негизги көйгөй болгон зордук-зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу.

2. Мектеп окуучуларынын арасындагы рэкетчилик,уурулук жана башка көйгөйлөр сахналык көрүнүш менен чагылдырылып көрсөтүү аркылуу окуучуларды тартиптүүлүккө, ыймандуулукка, кечиримдүүлүккө, гумандуулукка тарбиялоо.

3.Нарктуу , кадыр-барктуу адамдардын ойлору менен окуучуларды инсан болууга тарбиялоо.

4. Өтүлгөн чогулуштун негизинде окуучуларды келекчекке туура таштоого калыптандыруу жана тарбиялоо.

| № | Мөөнөтү | Чогулуштун мазмуну | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 10.00 | Ата-энелерди каттоо | Кажовдиева Ж. |
| 2 | 10.15. | Көргөзмө менен тааныштыруу. | Мектеп президентти |
| 3 | 10.30 | Чогулуштун максаты менен тааныштыруу. | Соц. педагог. |
| 4 | 10.40 | Зордук-зомбулуктун алдын алуу.<br>(доклад) | Тарбия завучу |
| 5 | 11.00 | ИДН кылмыштуулуктун алдын алуу.<br>(доклад) | Садыков А. |
| 6 | 11.10 | Көрүнүш. | 7-8-9- класстар жана мугалимдер |
| 7 | 11.50 | Жыйынтыктоо | Мектеп директору Напиева М. |

«Ак-Булак» орто мектебинин ата-энелер чогулушунун

# ПРОТОКОЛУ

«Ак-Булак» айылы

«Ак-Булак» айылынын катышкан ата-энелердин саны: 56

1.« Ак-Булак» орто мектебинин директору М. Напиева.

2. «Ак-Булак» айылынын айыл башчысы Юсупов А.

3. «Ак-Булак» айлынын мед. айымы Иргашева М.

4.»Ак-Булак» орто мектебинин камкорчулар кеңешинин төрайымы Рустамова А.

5.»Ак-Булак» АМБнын ЖИИнин улук учаскалык инспектору милициянын лейтананты Садыков Абдумалик.

## КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕ

1. «Зордук зомбулукка жол жок» дегент темада доклад.Джуманова С.
2. «Зордук зомбулукка жол жок» слайд.
3. «Бири-бирине жакын, баңгиден алыс» ДТИБОБ Жабарова С
4. ИДН кызматкери Садыков А. окуучулардын тартиби, зордук зомбулуктүн түрү.

Күн тартибиндеги маселе боюнча соц.педагог Джуманова Сапаргүл билдирүү жасап тема боюнча түшүндүрүү ишин жүргүздү. Азыркы мезгилде зордук зомбулукка жаш балдар, аялдар кабылып жатат. Өз баласын туугандарына таштап Россияж.б. жактарга кеткен учурлар болуп жатат. Бирок бирөөнүн колдорунда калаган балдардын окуучуларын телевизордо, турмушта да кордоп жатасыздар.Ата-эненин бирөө сөзсүз балдар менен болуш керек.Чогулуштун башында темага байланыштуу ролик коюлуп беоилди. « Зордук зомбулукка жол жок» дегент теманы түшүндүрүп жатып, айта кетсек болот.Балдардын укугун коргойлу, балдарыбыз зордук зомбулукка кабылбасын.Бул слайдды көрүңүздөр өтө маанилүү жерлери көп.зордук зомбулукка кабылган балдар үчүн телефон №111номерине чалса болот.Дедовщина бири-бирине кемсинтүү,мугалимдин жиркүүсү,ата-эненин катуу, зордук кылуусу сабалганж.б. ушулмисалдардай ситуацияга кабылган балдар чалса болот.Андан кийинки сз мектептин организатору Жабаровада.

«Бири-бирине жакын, баңгиден алыс», «Газ психактивдүү заттар».

1.Алкоголь. (алкоголь ичимдиктер,спирт камыган энергетикалык, суусундуктар).

2.Никотин ( тамеки,папирос,кольян, насвай).

*"Ак-Булак" орто мектеби*

# ТАРБИЯЛЫК
# 
# САAT

***Тема:***

*Зордук –зомбулуксуз жашоо кандай сонун!*

***Класс мугалими:*** *Джуманова Сапаргүл*

*"Ак-Булак" орто мектеби*

# ТАРБИЯЛЫК САТ

**Тема:**

*Келечекке карай зордук- зомбулуксуз кадам.*

***Класс мугалими:*** *Аширова А.*

“Ак-Булак” орто мектеби

# Класстык-тарбиялык саат

*5-класс*

**Темасы:** *“ Келечекке карай зордук-зомбулуксуз жашоо”*

**Класс жетекчи**:*Борукулова Айпери*





**Сабактын темасы:** *" Келечекке карай зордук-зомбулуксуз жашоо"*

**Сабактын максаты:**

- Зордук-зомбулук көйгөйүнүн болуп жаткандыгын окуучуларга түшүндүрүү.
- Зордук-зомбулуктун ар түрдүү түрлөрү менен тааныштыруу.
- Окуучуларды өздөрүнүн жасаган иш-аракеттерин көзөмөлдөөгө үйрөтүү жана тартиптүү болууга аракет кылуусун калыптандыруу

**Сабактын жүрүшү:** Зордук-зомбулуктун таасири жөнүндө кеп баштаардын астында, анын түрлөрү тууралуу маалымат алып алсак. Азыркы учурда зордук-зомбулуктун төрт түрүн ажыратышат:

- **денелик;**
- **психикалык –эмоциялык;**
- **сексуалдык;**
- **баланын керектөөлөрүнө жана кызыкчылыгына кайдыгер мамиле жасоо.**

**Зомбулук-** бул адамдын эркин чектөө, анын үстүндө бийликке ээ болуу жана башкаруу максатын көздөгөн, системалык түрдө кайталанып туруучу адам эркине каршы физикалык, психологиялык, экономикалык жана сексуалдык мүнөздөгү таасир этүүчү актылар.

- **Физикалык зордук–зомбулук**

Зомбулуктун бул түрүнө, баланын өмүрүнө, ден-соолугуна терс таасирин тийгизген коркунучтуу жагдайлар кирет. Мисалга, уруп –соккулар (жаактан ары чабуу, чымчып алуу, тиштөө), күйгүзүү (ысык буюмдар, суюктуктар, тамеки). Балага алкоголдук ичимдиктерди, наркотиктерди, дарыгердин сунуштамасы жок уйку дарыларын берүү, муунтуу жана сууга чөктүрүү зомбулуктун ушул түрүн толуктайт.

- **Сексуалдык зордук–зомбулук**

Сексуалдык керектөөсүн канааттандыруу максатында баланы (кызды, эркекти) колдонуу. Зомбулуктун бул түрүнө секстин бардык түрлөрү, жыныстык органдарын кармалоо, балага өзүнүн жыныстык органдарын көрсөтүү жана анын жыныстык органдарын аңдып кароо, порнобизнеске, сойкулукка балдарды тартуу кирет.

- **Психикалык-эмоциялык зордук-зомбулук**

Бул зомбулуктун белгиси-ата-энеси, баккан адамдар, тарбиячылар тарабынан дайыма же мезгил-мезгили менен баланын адамдык кадыр-баркына шек келтирүүчү, коркутуп-үркүтүүчү сөздөрдү айтуу, күнөөсүз айыптоо, жек көрүүсүн көрсөтүү. Мындан сырткары баланын жаш

өзгөчөлүгүнө ылайыксыз талаптарды коюу, дайыма калп айтуу дагы психикалык-эмоциялык өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизет.

- **Баланын керектөөлөрүнө жана кызыкчылыгына кайдыгер мамиле жасоо**

Баланын эң негизги керектөөлөрүн (тамактануу, кийинүү, жашай турган жай, билим алуу, медициналык кызмат) ата-энелери, баккан кишилери тарабынан камсыз кылынбоосу. Мисалга алсак, балдарын кароосуз калтырып, анын кесепетинен баланын өмүрүнө, ден-соолугуна зыян келтирген абалдар түзүлгөн учур. Дагы бир коркунучтуу абал, бул баланын түйүлдүк кезинен эне мээримине, сүйүүсүнө ээ болбошу. Мындайча атканда, каалоосуз бойго бүтүү. Төрөлгөнгө чейин эле эмоционалдык жокко чыгарылган түйүлдүк, айынан мурун төрөлүп, төрөлгөндөн кийин дагы көп ооруп, денесинин салмагы төмөн болуп, өнүгүүсү начар болот.

**Зордук–зомбулуктун жакынкы жана алыскы залакалары:**

**Жакынкы**: Көк алалар, сыныктар, ички органдарынын жабыркашы, кусуусу, эстен тануусу.

**Алыскы:** Баланын денелик жактан жана психикалык өнүгүүсү жабыркап, ар кандай соматикалык ооруларга, инсандык жана эмоционалдык бузулууларга дуушар болушу.Денелик жактан жана психикалык өнүгүүсүндөгү мүчүлүштүктөр мээрим,көңүл буруу,сүйүү жок үй-бүлөдө чоңойгон балдардын көпчүлүгүндө денелик жана психикалык жактан өнүгүүсүндө арта калуу байкалат. Балдарда "жаман адаттар" манжаларын соруу, тырмагын тиштөө, онанизм манен алектенүү пайда болот. Мындай шарттарда жашаган балдардын сырткы көрүнүшү да бөлөкчө болуп турат. Көздөрү шишип, чачы саксайып, кийим-кечеси кир, өңү куп-куу, биттеген.

**Зомбулуктан жабыркаган балдардын психикалык өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөр**

Зомбулуктун бардык түрлөрүнө чалдыккан балдар психикалык жаракатка учурашат, бул кийинки өнүгүүсүнө чоң таасирин берет. Балдар өздөрү ашыкча ачуулуу, жининин келгенин башкара албай, өзүнөн кичүү, алсызыраак балдарга, жаныбарларга зомбулук көрсөтөт. Көпчүлүк учурда, оюн маалында себепсиз агрессия пайда болот. Кээ бир учурда бала тескерисинче өтө пассивдүү болуп, өзүн коргой албай калат. Бала өзүнө көңүл бурдуруш үчүн ар кандай акылга сыйбаган жүрүм-турумдарды көрсөтөт.

**Зомбулуктан жабыркаган балдардын социалдык өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөр**

Зомбулукка учураган балада жетиштүү билими жок болгондуктан, коомго аралашууда көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болот. Мындай бала

көйгөйлөрдүн чечилишин криминалдык тармактардан издеп, уурулукка берилет. Алкоголдук ичимдикти, баңгизаттарды колдонуп, кыз бала болсо сойкулук менен алектенип кетиши ыктымал.
Алгач адепсиздик менен кылмыштуулукту бири-биринен айырмалап, түшүнүп алсак.
*-Адепсиздик деген эмне?*
Бул коомдогу адеп ахлак нормаларын бузуу.
*-Кандай сапаттар кирет?*
***Адепсиздик***
***Калпычылык***
***Ушактоо***
***Мазактоо***
***Ыйимансыздык***
***Ороңлук***
***Ач көздук***
***Көрө албасттык.***
*-Кылмыштуулук деген эмне?*
Бирөөгө зыян келтирүү, коомго туура эмес мамиледе болуу.
*— Кандай сапаттар кирет?*
***Кылмыш***
***Уурулук***
***Рекетчилик***
***Баңгилик***
***Араккечтик***
*Чыгуу себептери ?*
Кылмыштуулук, бекерчилик, бээбаштык. Кароосуз калган балдардан, чыр - чатактуу үй- бүлөлөрдөн, интернет, убакытты туура эмес пайдалануудан.
**Рэкетчилик**- англис тилинен которгондо зордук- зомбулук деп айтылат.
Видео тасмадан өспүрүмдөрүн кылмыштуулукка тартылганын көрөлү.
*Талкуулоо*
— Сиздин оюңуз боюнча балдарын кантип адептүүлүккө үйрөтүшкөн? (жомок, уламыш, каада- салт)
-Сиздин оюңуз боюнча азыркы жаштардын адепсиздиги эмнеден?
Адептүүлүккө балдарды мектеп тарбиялаш керекпи же ата- энеби?
Сапаттуу билим алуу кылмыштуулукту азайта алабы?
— Кылмыштуулукту кандай жол менен азайтса болот?
— Мектептеги рэкетчиликти түп тамыры менен жок кылуу мүмкүнбү?

**Мындан жыйынтык чыгарсак кылмыштуулук:**
— чыр- чатактуу үй- бүлөдөн, максатсыз көчөгө чыгуудан, бекерчиликтен, кароосуз калган балдардан, социалдык абалы начар үй- бүлөдөн, кол телефондон, ДВД, дисктерден келип чыгат.
Баарыңыздардын көңүлүңүздөрдү доскадагы макал- лакаптарга бурмакчымын.
— Окуучулар кыска- нуска, кылып өз ойлоруңарды айтып чечмелеп кетесиңер.
**Жакшы болгон баланын атасы жаман болсо да,**
**Төрдө туруп сый табар.**
**Жаман болгон баланын атасы жакшы болсо да,**
**Төө үстүнөн ит кабар.**
**Өсөрубуз да, өчөрүбуз да тарбиядан.**
**Балдарга мээримибиз,бактылуу келечегибиз.**
**Майда кылмышты жазаласаң, чоң, кылмыштын алдын аласын**
Кыргыз эли илгертен эле балдарды тарбиялоодо учкул сөздөрдү, макал- лакаптарды, кылымдарды карыткан акылдарды айтып келишкен. Мына ошолорду силерден уксак.

Жакшы киши ачык сүйлөйт,
Сөз тамырын казып сүйлөйт.
Жаман киши сасык сүйлөйт,
Өзгөлөрдү басып сүйлөйт.
Амалкөй былык сүйлөйт,
Адептүү сылык сүйлөйт.

Улама менен бир жүрсөң,
Сөз кадырын билесин,.
Жакшы менен бир жүрсөң,
Эл кадырын билесин.

Жакшылыкка жакшылык- ар кишинин ишидир,
Жакшылыкка жамандык- көр кишинин ишидир.
Жамандыкка жакшылык- эр кишинин ишидир,
Жамандыкка жамандык- кем кишинин ишидир.

Жалтанат алам эмнеден?
Жаман сөз айткан пенделен.
Тартынат алам эмнеден?
Табалап күлгөн пенделен.
Талантка таамай сын берер,
Тараза болот эл деген.

**Жыйынтык**: Улуу адамыбыз И. Раззаков айткандай «Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот» деген сөздү өзүбүзгө ураан кылып, бир жакадан баш ,бир жеңден кол чыгарсак ошондо гана кылмыштуулукту, рэкетчиликти жеңебиз деген ойдомун.












Азаттык
Үналгысы